УДК: 801.73: 809.434.1 (043.3)

**Маразыков Т. С.**
КР УИАнын корр.-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
*Кыргыз Республикасы, Жусуп Баласагын атындагы*
*Кыргыз улуттук университети, кыргыз филологиясы факультети,*
*кыргыз тил илими кафедрасы*

## ТИЛДИК МААЛЫМАТ АЛМАШУУНУН УЮШУЛУШУ, ТУТУМУ ЖАНА СИСТЕМАСЫ

**Маразыков Т. С.**
Член-корреспондент НАН КР,
доктор филологических наук, профессор
*Кыргызская Республика, Кыргызский национальный*
*университет имени Жусупа Баласагына,*
*факультет кыргызской филологии,*
*кафедра кыргызского языкознания.*

## ОРГАНИЗАЦИЯ, КОМПОНЕНТЫ И СИСТЕМА ВЕРБАЛЬНОЙ КОММУНИКАЦИИ

**Marazykov T. S.**
Corresponding member NAS KR,
Doctor of Philology, Professor
*Kyrgyz Republic, Jusup Balasagyn Kyrgyz*
*National University, Faculty of Kyrgyz Philology,*
*Department of Kyrgyz Linguistics*

## ORGANIZATION, COMPONENTS AND SYSTEM OF VERBAL COMMUNICATION

**Аннотация.** Макалада тилдик маалымат алмашуунун уюшулушу, тутуму, системасы, маалымат алмашууда (сүйлөшүүдө) – маалымат туюндуруу жана маалыматты кабыл алуу кубулушу болору, бул эки кубулуш өзүнчө бир айлампаны түзөрү, маалымат алмашуунун тутуму (компоненти) адресант, туюндурулуучу маалымат, адресат деген үч тутумдан турары, маалымат алмашуунун системасына: маалымат алмашуу чөйрөсү, стили, темасы, багыты, объектиси, орду, мезгили, шарт-кырдаалы, андагы маанай, мамиле, карым-катыштык өзгөчөлүк, кызыкчылык, маалымат алмашууну ишке ашыруучу тутумдардын өзгөчөлүгү, маалымат алмашуунун логикасы, психологиялык кырдаалы, андагы зарылдык, муктаждык, себептер жана башка маселелер тууралуу маалыматтар берилди.

**Негизги сөздөр**: тилдик маалымат алмашуу, маалымат алмашуунун уюшулушу, маалымат алмашуунун тутуму жана системасы, текст, адресант, туюндурулуучу маалымат, адресат, маалымат алмашуу саясаты ж.б.

**Аннотация.** В статье рассмотрены вопросы, касающиеся организации, состава, системы процесса вербального обмена информацией (речевая коммуникация), который включает передачу и приём сообщений, составляющих круговорот диалогической речи. Компонентами данного процесса являются: адресант, выражаемая информация и адресат, а система вербального общения включает в себя следующие компоненты: среда, стиль, тема, направление, объект, место, время, условие, ситуация, настроение, отношение, интерес, индивидуальные особенности участников, а также логика, психологическая ситуация, важность, необходимость и другие не менее важные факторы, имеющие непосредственное влияние на эффективность вербальной коммуникации.

**Ключевые слова**: процессы вербального обмена информацией, организация вербальной коммуникации, компоненты и системы вербальной коммуникации, текст, адресант, выражаемая информация, адресат, политика вербальной коммуникации и др.

**Abstract.** The article examines issues related to the organization, composition, and system of verbal information exchange process (speech communication), which includes the transmission and reception of messages that form the cycle of dialogic speech. The components of this process are: addresser, expressed information, and addressee, while the system of verbal communication includes the following components: environment, style, theme, direction, object, place, time, condition, situation, mood, attitude, interest, individual characteristics of participants, as well as logic, psychological situation, importance, necessity, and other equally important factors that have a direct impact on the effectiveness of verbal communication.

**Keywords**: verbal information exchange processes, organization of verbal communication, components and systems of verbal communication, text, addresser, expressed information, addressee, verbal communication policy, etc.

Кыргыз тил илиминде тилдик маалымат алмашуунун уюшулушу, тутуму, системасы тууралуу маселелер учурда актуалдуу маселелердин катарын түзөт. Ошондуктан аталган маселелер тууралуу бул макалада ой бөлүшүүнү туура көрөбүз.

**Маалымат алмашуу (сүйлөшүү) кантип түзүлөт, уюшулат?** Маалымат алмашууда (сүйлөшүүдө) – маалыматты туюндуруу (оозеки түрдө сүйлөө, жазуу түрүндө жазуу) жана маалыматты кабыл алуу (оозеки түрдө угуу, жазуу түрүндө окуу) кубулушу болот. Бул эки кубулуш өзүнчө бир айлампаны түзүп турат. Маалымат алмашуунун уюшулушу – бул татаал кубулуш. Ал төмөндөгүдөй бир нече тилкелерден (этаптардан) куралат:

а) Айтуучуда (жазуучуда) ой пайда болот.

б) Ошол ой белгилүү бир максаттарга, себептерге таянылып иреттештирилет (мотивдештирилет). («Мотив» – сүйлөөнүн себептик жана максаттык системасы.). Ал ойду, маалыматты айтуу, туюндуруу зарылчылыгы түзүлөт.

в) Айтуучудагы ой, маалымат тилдик каражаттар менен жабдылат (материализацияланат). Тактап айтканда, тексттик формада жана мазмунда иретке келтирилип түзүлөт.

г) Баш мээде түзүлгөн текст иш жүзүнө ашырылат, айтылат же жазылат.

д) Айтылган (же жазылган) текст угуучу (же окурман) тарабынан кабыл алынат, иликтелет.

Биздин маалымат алмашуубуз ушундай кубулуштардын тилкелеринен (этаптарынан) түзүлөт, уюшулат. Мына ошондуктан маалымат алмашканда (сүйлөшкөндө) жакшылап ойлоо, шарт-кырдаалды кылдат баамдоо, маалымат алмашуудагы өзгөчөлүктөрдү эске алуу, ага карата туура баа берүү, айтыла турган маалыматтын табиятына жараша жөнөкөй, так, түшүнүктүү текст түзүү, ага ылайыктуу тилдик каражаттарды таба билүү жана колдонуу чоң мааниге ээ. Кыргыз эли ушул кубулушту өнөр деп эсептеген. Анткени бул кубулуш – чындыгында эле татаал кубулуш. Ал адамдын чыгармачыл, ийкемдүү ой жүгүртүүсүн, акыл-эсинин активдүүлүгүн, тереңдигин, кенендигин, турмуштук даярдыгынын молдугун жана адамдын жалпы илим-билиминин, маданиятынын жетилүүсүн талап кылат. Мына ошондуктан бардык эле адамдар мыкты тексттерди түзүп, төгөрөгү төп келген сөздөрдү айта албайт. Ал үчүн көп даярдык, жөндөм жана изденүү талап этилет.

**Маалымат алмашуунун тутуму (компоненти) кандай болот?** Маалымат алмашуу үч тутумдан (компоненттен) турат:

а) Айтуучу, жазуучу (адресант).

б) Туюндурулуучу маалымат (текст).

в) Угуучу, окурман (адресат).

Ушул үч тутум маалымат алмашуунун тутуму (компоненттери) болуп саналат. Тилдик маалымат алмашууда (сүйлөшүүдө) туюндурлуучу маалымат тексттик мазмунда жана формада болот. (Аталган маселелер тууралуу «Текст: маалымат алмашуунун негиздери» (Б., 2014.) деген биздин китептен дагы кеңири маалымат алсаңыздар болот. Бул маселелер боюнча буга чейин көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Караңыз: Головин Б.Н. 1980; Мусаев С. Ж. 1993, 2000; Александров Д.Н. 1999; Баева О.А. 2001; Бельчиков Ю.А. 2000; Плещенко Т. Б. Федетова Н.В. Чечет Р.Г. 1999; Введенская Л. А. Павлова Л.Г. Кошаева Е. Ю. 2000; Шейнов В.П. 2001; ред. Максимова В. И. 2000; Хазагеров Г. Г. 2001. ж. б.)

**Маалымат алмашуунун системасына эмнелер кирет?** Маалымат алмашуу өзүнчө бир системадан турат. Бул көрүнүш да биздин маалымат алмашуубуздун табиятынын бир өзгөчөлүгүн аныктай алат. Бири-бирибиз менен маалымат алмашуубуз жеке (индивидуалдуу), чыгармачыл, кайталангыс өзүнчө көрүнүштөр менен буга чейин коом тарабынан калыпташкан, адат-салтка айланган, көнүмүш (стериотиптүү), теске салынган (стандарттуу) жана теске салын-

баган (стандарттуу эмес) жагдайлардын табыгый (органикалык) биримдигинде белгилүү бир ыраат-тартипке ээ болуп, ишке ашат. Ошондуктан маалымат алмашуу системалуу мүнөзгө ээ. Биз ошондой системада гана бири-бирибиз менен маалымат алмаша алабыз. Тактап айтканда, маалымат алмашуунун системалуу мүнөздө болушу – биздин эркке, каалообузга баш ийбеген объективдүү көрүнүш. Ошондуктан маалымат алмашуу системасына кылдат көңүл буруу, аны өздөштүрүү, биринчиден, маалымат алмашуунун көп кырдуу, татаал табиятын таанып билүүгө жол ачса, экинчиден, бул маданияттуу сүйлөөгө жетүүнүн негизги бир жолу болуп саналат.

**Маалымат алмашуунун системасына төмөндөгү жагдайлар (факторлор) кирет**:

1. **Маалымат алмашуу чөйрөсү**. (Маалымат алмашуу турмуштун тиги же бул өңүтүндө, ишмердиктин тиги же бул аймагында болгондуктан, анын, сөзсүз, белгилүү бир чөйрөсү, ошого жараша көптөгөн өзгөчөлүктөрү болот. Ошондуктан маалымат алмашууда чөйрөнүн таасири күчтүү.).

2. **Маалымат алмашуунун максаты, милдеттери**. (Максаттуулук – маалымат алмашуунун негизги белгилеринин бири. Ошондой эле анда ар түрдүү милдеттер, мүдөөлөр болот. Ал мүдөөлөр адамдын тигил же бул кызыкчылыгына тыгыз байланыштуу).

3. **Маалымат алмашуунун темасы, багыты, объектиси**. (Маалымат алмашуунун белгилүү бир багыты, объектиси, темасы болот. Ошондуктан маалымат алмашуу абстракттуу эмес, конкреттүү).

4. **Маалымат алмашуудагы кызыкчылык**. (Маалымат алмашуу – бул кызыкчылыктарды туюнтуу, кызыкчылыктарды аныктоо. Анда көмүскө же ачык туюндурулган белгилүү бир кызыкчылык болот).

5. **Маалымат алмашуунун орду**. (Маалымат алмашуу кайда болуп жаткандыгы дайыма чоң мааниге ээ. Анткени ошол мейкиндик (локалдык) негиз маалымат алмашууга өзүнүн ар кандай өзгөртүүлөрүн киргизип турат. Ошондуктан бир жерде айтылган сөз экинчи бир жерде орунсуз болуп калат).

6. **Маалымат алмашуунун мезгили**. (Качан сүйлөшүп жаткандыгыбыз да өзгөчө мааниге ээ. Себеби маалыматты туюндуруунун өзүнчө учуру, мезгилдик (темпоралдык) чен-өлчөмү болот. Маалымат алмашуу ушул жагдайга байланыштуу да өзгөрүлүп, кубулуп турат.)

7. **Маалымат алмашуунун шарт-кырдаалы**. (Маалымат алмашууда шарт-кырдаалдын өзүнчө системасы болот. Алар: мезгилдик, мейкиндик кырдаал, моралдык, психологиялык кырдаал, функционалдык стилдик кырдаал, улуттук, үрп-адаттык кырдаал, мамиле, ымала-катыштык кырдаал, этнопсихологиялык, этномаданий, этноэтикалык, этноэстетикалык кырдаал жана башкалар.).

8. **Маалымат алмашуудагы маанай**. (Ар кандай маалымат алмашууда, сөзсүз, белгилүү бир маанай, сезим (эмоция) болот. Турмушту таанып билүү жана таанып билген дүйнөнү тил аркылуу кайра чагылдыруу, ой бөлүшүү, туюндуруу белгилүү бир сезимсиз (эмоциясыз) болбойт. Ошондуктан биздин маалымат алмашуубузда дайыма кандайдыр бир маанай болот.).

9. **Маалымат алмашуудагы мамиле**. (Маалымат алмашуу – бул мамиленин чагылдырылышы. Анткени маалымат алмашууда кандайдыр бир маалымат гана туюндурулбастан, ага карата айтуучунун мамилеси, көз карашы, жактыруусу жана жактырбоосу кошо туюндурулат. Сүйлөөдөгү мамилени (модалдык негизди) текстте колдонулган сөздөрдөн, тексттин айтылыш же жазылыш ык-амалдарынан (технологиясынан), ыргагынан, ылдамдыгынан, кыраатынан, интонациясынан, тонунан, айтуучунун көз карашынан, кыймыл-аракетинен, бет түзүлүшүнүн ал-абалынан (мимика), дене-бой түзүлүшүнүн ал-абалынан (пантомимикасынан) жана башкалардан байкайбыз.).

10. **Маалымат алмашуудагы карым-катыштык өзгөчөлүк**. (Маалымат алмашуу – бул адамдардын ортосунда карым-катыштык көпүрөнү түзүү. Маалымат алмашууда достук, жолдоштук, үй-бүлөлүк карым-катыш, кесиптик, тууганадык ж. б. карым-катыштар түзүлөт).

11. **Маалымат алмашууну ишке ашыруучу тутумдардын (компоненттердин) өзгөчөлүгү**. (Маалымат алмашууну ишке ашыруучу тутумдар (компоненттер) – айтуучу, туюндуруучу (адресант), айтылган маалымат жана угуучу, маалыматты кабыл алуучу (адресат).

Маалымат алмашууда айтуучу менен угуучунун социалдык, жыныстык, курактык, адистик, акыл-эстик (интеллектилик), тууган-тууган эместик, жакындык-алыстык, кызыкчылыктык, максаттык жана башка өзгөчөлүктөрү болот. Ушуга жараша маалымат туюндурулат, маалымат алмашуу ишке ашат).

12. **Маалымат алмашуудагы зарылдык, муктаждык**. (Маалымат алмашууга негиз болгон зарылдык – бул маалымат туюндуруу жана маалыматты кабыл алуу. Өзүндөгү маалыматты башка бирөө менен бөлүшүү зарылдыгы адамда болбосо, анда адамдардын ортосунда маалымат алмашуу да болмок эмес. Анда адамдын аң-сезими мынчалык деңгээлге өнүкмөк дагы эмес. Аң-сезимди өнүктүргөн негизги нерсе – бул маалымат. Ошондуктан ар кандай маалымат алмашуудагы негизги муктаждык – зарыл болгон маалыматты туюндуруу жана керектүү маалыматты кабыл алуу).

13. **Маалымат алмашууга негиз болгон себептер** (Ар кандай нерсенин себеби болот. Ошол сыңары кандай гана маалымат алмашуу болбосун, анын түпкүрүндө белгилүү бир себеби (мотиви) бар. Маалыматтын ар кандай айтылышынын, ар башкача туюндурулушунун, сөзсүз, кандайдыр бир себеби бар. Мына ошол себептерди аңдап түшүнүү туюндурулган тексттин мазмунун түшүнүүгө жол ачат. Ошондуктан маалымат алмашуунун себебин, (мотивин) аныктоо дайыма маанилүү).

14. **Маалымат алмашуудагы негизги саясат**. (Маалымат алмашуу – бул чоң саясат. Анда учурда аткарылуучу план-жүрүштөр (тактика) жана болочокто ишке ашыруучу план-жүрүштөр (стратегия) болот. Адамга таасир этүүнүн, ой-пикирди жактоонун, сунуштоонун, угуучуну ынандыруунун ар кандай жолдору, ыкмалары болот. Ошондуктан сүйлөшкөндө адамдар ар кандай жүрүш жасайт, маалыматты ар башкача туюнтат. Ошондой жүрүштөрдүн, кылык-жоруктардын артында ал маалымат алмашууда көздөлгөн негизги саясат (колдоо, көтөрүү, басынтуу, какшыктоо, келекелөө, доомат кылуу, бой көтөрүү, мактоо, мактануу, коркутуу, сестентүү, өз ордуна коюу, эки жүздүүлүк, чын ыкластык, ак ниеттик жана башкалар) катылып турат).

15. **Маалымат алмашуунун ыргагы, тону, анын ишке ашыш өзгөчөлүгү**. (Маалымат алмашуудагы максат, себеп (мотив), мамиле, саясат сүйлөөнүн ыргагын, тонун, анын ишке ашыш ык-амалын (технологиясын) аныктайт. Тескерисинче, маалымат алмашуунун ыргагынан тонунан, интонациясынан андагы саясатты, максат-мүдөөнү, түпкүрдө кыйытылган сөздүн төркүнүн байкоого болот. Ошондуктан тексттин айтылышы, ишке ашырылыш өзгөчөлүгү да чоң мааниге ээ).

16. **Маалымат алмашуунун нормативдик системасы жана анын сакталышы.** (Маалымат алмашууда бир нече норма бар. Алар: тилдик норма, этикалык, эстетикалык, нравалык, стилдик, үрп-адат, каада-салттык (менталитеттик) норма, логикалык, мезгилдик, мейкиндик норма, мамиле, карым-катыштык норма жана башка. Булар маалымат алмашуунун нормативдик системасын түзүшөт. Байкоолорубуз боюнча, маалымат алмашуу – бул терең нормалдашкан көрүнүш, кубулуш.).

17. **Маалымат алмашуунун сапаты жана анын кабыл алынышы, түшүнүлүшү.** (Маалымат алмашуунун дайыма белгилүү бир сапаты болот. Анын сапаты маалымат алмашуудагы чөйрөгө, кызыкчылыкка, максат-мүдөөгө, башкаларга таасир этүүчү (прагматикалык) табиятка, мазмунга, айтуучунун (адресанттын) бүтүндөй өзгөчөлүгүнө, туюндурулган тексттин тилдик (лингвистикалык), стилистикалык, логика-прагматикалык жана эстетикалык табиятына жараша аныкталат. Ошондой эле туюндурулган маалымат менен кабыл алынган маалыматтын дал келишинен же дал келбешинен улам да маалымат алмашуунун сапаты аныкталат. Эгерде туюндурулган маалымат менен кабыл алынган маалымат дал келсе, анда ал маалымат алмашуунун сапаты мыкты деп эсептелинет. Демек, маалымат алмашуунун сапаты эки жактуу чен менен өлчөнөт. Тактап айтканда, 1) тексттин түзүлүп, айтылышы, ишке ашышы боюнча жана 2) тексттин кабыл алынышы, түшүнүлүшү боюнча маалымат алмашуунун сапаты белгилүү болот).

18. **Маалымат алмашуунун аткарган кызматы, жыйынтыгы.** (Маалымат алмашуу дайыма белгилүү бир кызматты аркалайт. Маалымат алмашуу адамдардын белгилүү бир кызыкчылыктарын орундатууга кызмат кылат. Маалымат алмашууда туюндурулган маалыматтын, мазмундун өзү эле биз үчүн көп кызмат аткарат. Ал адамга багыт берет, жол көрсөтөт, түшүнүгүн арттырат, түрткү берет, үмүтүн жандырат, рухун өстүрөт, издегенди табууга көмөкчү болот, тиги же бул нерсе тууралуу көз караштты, мамилени өзгөртүүгө жардам берет. Бирок маалымат алмашуу дайыма эле оң (позитивдүү) кызмат аткарбайт. Ал кээде терс (негативдүү) кызматты да аткарат. Тактап айтканда, айтылган айрым бир маалымат мээни чаргытат, түшүнүктү тумандатат, адамды туңгуюкка кептейт, түз жолдон чыгарат, азгырат, рухту төмөндөтөт, демилгени,

үмүттү өчүрөт, тилекти таш каптырат жана башка. Демек, маалымат алмашууда сөзсүз, кандайдыр бир кызмат аткарылат жана кандайдыр бир жыйынтык болот.).

19. **Маалымат алмашуудагы психологиялык кырдаал**. (Маалымат алмашуу – бул кылдат психологиялык таймаш. Маалымат адамдын жан дүйнөсүнө, сезүү-туюмуна, психикасына таасир этет. Ошондуктан кээ бир маалымат алмашууда кадимкидей психологиялык чыңалуу болот. Маалымат алмашуудагы психологиялык кырдаал айтуучу (адресант) менен угуучунун (адресаттын) аң-сезимдик, түшүнүктүк, мамиле, катыштык, психикалык өзгөчөлүгүнө жана туюндурулган маалыматтын алардын кызыкчылыгына карата катышына тыгыз байланыштуу. Мына ушуга ылайык маалымат алмашууда кызыгуу, суктануу, теригүү, таарынуу, нааразылык, ачуулануу, өкүнүү, кубануу, сагынуу, эңсөө, кызгануу, ичи ачышуу, иренжүү, күтүү, кусалануу, жактыруу, жактырбоо, сыйлоо, урматтоо, урушуу, сыноо сыяктуу жана башка көп түрдүү психологиялык кырдаалдар түзүлүшү мүмкүн. Ошол сыяктуу психологиялык кырдаалдар биздин маалымат алмашуубузга көптөгөн өзгөртүүлөрдү киргизет. Тактап айтканда, түзүлгөн психологиялык кырдаалга жараша маалымат алмашуу ишке ашат).

20. **Маалымат алмашуудагы жеке (индивидуалдуу) жана жалпы, улуттук, үрп-адат, каада-салттык (менталитеттик) жагдайдар**. (Биздин маалымат алмашуубуз жеке (индивидуалдуу) жана жалпы, улуттук, каада-салттык көрүнүштөрдүн шайкештигинде (гармониясында) ишке ашат. Ошондуктан чыгыш элдеринде сүйлөшөөрдөн мурда учурашуу, алахывал сурашуу, улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөтүү салты бар. Ошондой эле улуу кишиге узак сүйлөбөө, аларга сылык-сыпаа кайрылуу, аял затына сый-урмат көрсөтүү, адамдын көңүлүн, кадыр баркын, кызыкчылыгын жана ой-пикирин сыйлоо сыяктуу кыргыз элине таандык жалпы, улуттук, менталитеттик өзгөчөлүктөр ар бир маалымат алмашуудагы жеке өзгөчөлүктөр менен кошо, эриш-аркак бир шайкештикке (гармонияга) келтирилет. Ушуга байланыштуу биздин ар бир маалымат алмашуубуз жеке, кайталангыс экендигине карабай, анда буга чейин калыптанган, теске салынган (стандарттуу), көнүмүш (стереотиптүү) көрүнүштөр (учурашуу, ал-жай сурашуу, көңүл айтуу, куттук айтуу, көңүл жубатуу, коштошуу сыяктуу жана башка жагдайлар) катышат).

21. **Маалымат алмашуунун логикасы**. (Маалымат алмашуу – бул айтуучу менен угуучунун ортосундагы акыл-эстик сыноо, акыл-эс таймашынын бир түрү. Ар бир маалымат алмашуу – акыл-эстин, ой жүгүртүүнүн туундусу. Ошондуктан маалымат алмашуу – алдын ала ойлонуштурулган (же ошол замат ойлонуштурулган), эсеп-чотко салынып, пландалган, башы, аягы жана жыйынтыгы эске алынган көрүнүш. Маалымат алмашуудагы белгилүү бир ыраат, тартип, бирин-бири улаган, биринен бири суурулуп, өнүп чыккан кыймылдуу көрүнүштөр жана өтө көп түрдүү байланыштар биригип келип логикалык бир бүтүндүктү, бир жумурулукту түзүп турушат. Маалыматтын жайгашышы, улантылышы, кыймылы, далилдик негиздери (аргументациясы), туюндурулушунда ошо учурдагы план-жүрүштөрү (тактикасы) жана болочоктогу түпкү, негизги план-жүрүштөрү (стратегиясы), сөзсүз, логикалык мыйзамдарга ылайык ишке ашат).

22. **Маалымат алмашуунун стилдик табияты, өзгөчөлүгү**. (Маалымат алмашуу болгон жерде стиль бар. Стилдик белги – маалымат алмашуудагы негизги белги. Анткени биздин маалымат алмашуубуз коомдук ишмердиктин беш чөйрөсүнүн биринде, ошол чөйрөнүн маалымат алмашуу мыйзам ченемине ылайык ишке ашат. Ошондуктан ар бир маалымат алмашуу, сөзсүз, функционалдык стилдин бир түрүнө таандык болуп, ал стилдин табиятына, өзгөчөлүгүнө жараша түзүлүшкө жана мазмунга ээ болот.).

Мына ушул жогоруда саналган жагдайлардын (факторлордун) баары биригип келип, маалымат алмашуунун системасын түзөт. Ошентип, биздин маалымат алмашуубуз бир нече факторлордун ич ара бекем байланышынан жана шайкештигинен (гармониясынан) турган системалуу мүнөзгө ээ. Маалымат алмашуунун системасы тексттин уюшулушуна, анын маанилик-түзүлүштүк, тилдик таасир этүүчүлүк (лингвопрагматикалык) табиятына түздөн түз таасир этет. Ошондуктан маалымат алмашуунун системасын эске алуу текст таанууда өзгөчө маанилүү.

**Адабияттар:**

1. Головин Б.Н. Основы культуры речи. – М., 1980. – 335 с.
2. Колшанский Г.В. Коммуникативная функция и структура языка. – М., 1984. – С. 97.
3. Дейк Т.А.ван. Язык. Познание. Коммуникация. – М.:Прогресс, 1989. -310 с
4. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. – Б.,1993. – 13–15-б.
5. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Б., 2000. – 268 б.
6. Маразыков Т.С. Текст: маалымат алмашуунун негиздери – Б., 2014.